боюнча торикалык эксперименттер, мультимедиялык тиркемелер, студенттердин өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар, сыноо жана өлчөө материалдары. Бул маалыматтык маалымат системасы үчүн санариптик DM комплектинин компоненттеринин түзүмү жана мазмуну Е. В Оспенниковanын эмгектерде каралат. Анын илимий жыйынтыктарын мектептин окуу процессинде пайдалануу натыйжалуу болот деп эсептейбиз [6].

Физиканын тарыхы боюнча окуу-тарбия иштерин уюштурууда мугалимдердин МКТ куралдарын колдонуунун өтө сейрек кездешүүсү жөнүндө айтылган, ошол эле учурда бул максаттар үчүн заманбап информациялык ресурстарды жана куралдарды пайдаланууга алардын даярдыгынын жетишээрлик жогорку деңгээлин белгилеген [7].

Тарыхка кайрылуу принцибин ишке ашырууда, илим тарыхын окутуунун мазмунун калыптандырууга жаңыча мамиле кылуу, педагогикалык ЖОЖдордун студенттерин даярдоо, аларды принципти ишке ашырууга багыттоо, мектеп окуучуларын тарыхый-методикалык жактан даярдоонун жаңыланган практикасын жаш мугалимдерге киргизүү жана жайылтуу керек деп ойлойбуз. Ал өз учурунда жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын билимге болгон кызыгууларын арттырып, муктаждыктарын канааттандырууга жана алардын потенциалынын ачып берүүгө мүмкүндүк берет.

Колдонулган адабияттар

1. Кудрявцев П.С. Истории физики. В 2 т. -М., Учпедгиз, 1956.
2. Спасский Б.И. История физики. Ч. 1. -М., Изд-во МГУ, 1956.
3. Усова А.В. Краткий курс истории физики. Учебное пособие. - Челябинск, 1995. - 180 с.
4. Зеленов М. В. Сущность, формы и функции исторического знания и познания. Методы изучения истории. Классификации // Открытый текст: Электронное периодическое издание.URL: www.opentext.ru/hystory/?id=l943.
5. Мамбетакунов Э., Исаева Р.У., Тологон уулу Мирбек. Орто мектепте физиканы окутууда тарыхка кайрылуу принцибинин ролу// И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, ISSN 1694-7851? 2021, специальный выпуск, часть 1, стр. 59-62
6. Оспенникова Е. В. Развитие самостоятельности школьников в учении в условиях обновления информационной культуры общества: / В 2 ч.: Ч. I. Моделирование информационно-образовательной среды учения: Монография — Пермь, 2003.
7. Мамбетакунов Э., Исаева Р.У., Тологон уулу Мирбек. Физиканын тарыхы» дисциплинасын окутуунун максаты жана мазмуну// Илимий журнал «Известия ВУЗов Кыргызстана. 2022, №2, 119-122 б.

Рецензент: п.и.к., доцент Карасартова Н.А.

УДК 821.512.145
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-133-138

Исмаилова Г.К,. Эсеналиева С.Т.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Исмаилова Г.К,. Эсеналиева С.Т.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Ismailova G.K,. Esenalieva S.T.
KNU Jusup Balasagyn

«БАЛБАЙ» ПОЭМАСЫ, АНЫН ИДЕЯЛЫК - КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ
ПОЭМА «БАЛБАЙ», ЕЁ ИДЕЙНО-ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ОСОБЕННОСТЬ
THE POEM "BALBAI", ITS IDEOLOGICAL AND ARTISTIC FEATURE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада алгач К.Маликовдун «Балбай» поэмасынын жазылыш тарыхы, кейиштүү тагдыры, учурунда анын коомчулук тарабынан зор кызыгуу менен кабылдангандыгы, андагы автордук чеберчилик, эл баатыры Балбайга тийиштүү маалыматтардын кыргыз тарыхы булактарында, кыргыз профессионал адабиятында камтылышы маселелери каралды. Мында ошондой эле поэманын башкы каарманы Балбайдын улуттук тарыхыбызда алган орду, адеп-ахлактык келбети,

жалпы эле инсандык портрети, чыгарманын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү, «Балбай» поэмасынын кыргыз профессионал адабиятынан алган орду, мааниси ар тараптуу талданып чечмеленди. Макаланы жазууда «Балбай» поэмасынын өз тексти менен катар эле окумуштуу-адабиятчылар: К.Асаналиевдин, К.Артыкбаевдин, А.Абдыразаковдун, А.Эсенкановдун изилдөөлөрү пайдаланылды. Макаланын материалдары Балбай темасынын кыргыз адабияты илиминде мындан ары карай тереңдетип изилденишинде өз салымын кошо алат.

Аннотация: Сначала в статье рассматривались вопросы истории написания, печальной судьба поэмы К.Маликова «Балбай», ее восприятия общественностью с большим интересом, авторского мастерства в ней, вопросы содержащие информации, относящейся к народному герою Балбаю, в источниках кыргызской истории, кыргызской профессиональной литературе. Здесь также всесторонне проанализированы место главного героя поэмы Балбая в нашей национальной истории, моральный облик, портрет личности в целом, идейно-художественная специфика произведения, место и значение поэмы «Балбай» в кыргызской профессиональной литературе. При написании статьи были использованы наряду с собственным текстом поэмы «Балбай», исследования ученых-литераторов: К.Асаналиева, К.Артыкбаева, А.Абдыразакова, А.Эсенканова. Материалы статьи могут внести вклад в дальнейшее углублённое исследование темы Балбая в науке кыргызского литературоведения.

Abstract: At first, the article considered the issues of the history of writing, the sad fate of K.Malikov's poem "Balbai", its perception by the public with great interest, the author's skill in it, discusses the issues of information related to the folk hero Balbai in the sources of Kyrgyz history, Kyrgyz professional literature. It also comprehensively analyzes the place of the main character of Balbai's poem in our national history, the moral image, the portrait of the personality as a whole, the ideological and artistic specifics of the work, the place and meaning of the poem "Balbai" in the Kyrgyz professional literature. When writing the article, along with the own text of the poem "Balbai", the studies of literary scientists were used: K.Asanaliev, K.Artykbayev, A.Abdyrazakov, A.Esenkanov. The materials of the article may contribute to the further in-depth study of the theme of Balbay in Kyrgyz literary studies.

Негизги сөздөр: «кара тизме»; эстетикалык деңгээл; элдик баатыр; тарыхый чыгарма; адабий сын; көркөм ыкма; ой жүгүртүү; оң каарман; чыныгы атуулдук; лирикалык чегинүү.

Ключевые слова: "черный список"; эстетический уровень; народный герой; историческое произведение; литературная критика; художественный прием; мышление; положительный герой; истинный патриотизм; лирическое отступление.

Keywords: "blacklist"; aesthetic level; folk hero; historical work; literary criticism; artistic technique; thinking; positive hero; true patriotism; lyrical digression.

Тандалып алынган теманын актуалдуулугу талашсыз, себеби Балбай баатыр тууралуу тарыхый жана башка да маалымат булактарында камтылуу жагдайы менен Балбай темасынын кыргыз профессионал жазма адабиятында иштелиш көйгөйү биргеликте, чогуу алгач ирет каралганы турат. Маселенин так ушул аспектиде каралып, иликтөөгө алынышы адабият – кыргыз адабияты илими үчүн өзгөчө маанилүү.

Кыргыз эл акыны Кубанычбек Маликовдун «Балбай» поэмасы акыркы эле убактарга чейин цензуранын «кара тизмесине» кирип, окуп-үйрөнүүгө, басмадан чыгарып жарыялоого тыюу салынган баалуу, көркөм асыл-нарктардын бири катары унутта калып келди. Таланттуу иштелип, учурунда элибиз, коомчулук тарабынан жылуу кабылдаган болчу. Элүү жылга кечигип болсо да, 1991-жылы кайрадан жарык көрүп жатышы ага карата адилеттиктин орношу болду окшойт.

Бүгүнкү Кыргызстанда жаш муундарды атуулдукка тарбиялоо маселеси өзгөчө мааниге ээ [7]. Бул жагынан алганда, атуулдук сезимди калыптандырууга жана улуттук наркнасилди баалоого үндөгөн чыгармалардын катарында «Балбай» поэмасы да өзгөчө орунду ээлейт. Анын идеялык-көркөм мазмуну, эстетикалык деңгээли жана терең маани-маңызы чыгарманы баалуу көркөм туунду катары мүнөздөйт.

«Балбай» поэмасы К.Маликов тарабынан 1940-жылдын апрель, май айларында жазылып бүткөн. «Жазып бүтөрү менен басмага тапшырган да, 21-августа терүүгө түшүрүлүп, 1941-жылдын жазы башталганда 7100 нуска менен сатууга түшкөн. Анын жооптуу редактору айтылуу көркөм сөз чебери Токомбаев Аалы болгон» [6; 5]. 1991-жылы «Адабият» басмасынан чыккан «Балбай» жыйнагында поэманын жаралыш, жарык

көрүш тарыхы тууралуу мына ушундай чакан маалымат берилген [5; 8].

Ошондон алты жыл өтүп-өтпөй, 1946-жылы Бүткүл союздук коммунисттик (большевиктер) партиясынын Борбордук Комитетинин (ВКП(б) БК) «Ленинград», «Звезда» журналдары тууралуу чуулгандуу токтому жарыяланат.

Жарык көрөр менен эле бүткүл Союз боюнча таралган ал идеологиялык бороон-чапкындын эпкини тез эле кыргыз жергесине да келип жетет. Окумуштуу, адабиятчы К.Асаналиев агайыбыз белгилеп кеткендей: «Келип гана кеткен жок, ал турмак агын кара кылып, карасын ак кылып, «чаң» салып өттү. Макала артынан макала чыкты. Жок жерден кыргыздын Ахматовалары, Зощенколорду издеп табылып, «ур токмокко» алынды». Ооба, ал кезде заман ошондой катаал болгон. Эгер болбосо, «ошолордун үлгүсүнө салып кимдир бирөөлөрдү талкалоо керек эле». Мына ошондо дунган элинин акыны Ясыр Шивазанын «Чыныдагы жазуу» жыйнагы, Молдо Кылычтын чыгармачылыгы бүт, анан ушул «Балбай» поэмасы катаал соккунун астында калышкан. Андайда чыгармалардын өзү эле эмес, алардын авторлору, изилдеп пропагандалаган инсандар да куугунтукталганы белгилүү.

Кыргызстан КП БК (б) нын бюросунда «Балбай» поэмасына карата корутунду 1952-жылы 15-мартта чыгарылган. Анда К.Маликовдун «Балбай» поэмасында кыргыз элинин өткөн феодалдык турмушу идеализацияланганы тарыхый жашап өткөн айрым адамдар, асыресе Балбай элдик баатыр катары даңазаланганы белгиленген жана поэманы китеп текчесинен алып салууга көрсөтмө берилген» [6]. Айтмакчы, 40-жылдардын аягы, 50-жылдардын башындагы репрессия 1937–1938-жылдардагыдан кем болгон эмес дешет. Көзүнө түрмө, атуу элестеген автор катуу коркуп калса керек, өз «чыгармасынан баш тартып, официалдуу таржымалында «Балбайды» чыгармаларынын тизмесине киргизчү эмес экен. Токтомдон кийин ал жөнүндө өзү да оозуна албай, башкалар кеп салса жалтактап, сөздү узатпоого, токтотууга шашып турчу» дешет [6].

Тагдыры татаал «Балбай» поэмасына окшогон бир катар нукура асыл нарктарды элге кайтарып берүүгө кайра куруу, эгемендүүлүк жылдарында гана мүмкүн болду. Ушунда К.Маликов бул чыгармасын кандайча, эмне себептен улам жазып калган? – деген сыяктуу суроо жаралбай койбойт. 1930-жылдардын экинчи жарымы, 40-жылдардын баш чени акын үчүн изденүүнүн, чеберчилигин арттыруунун жылдары болгонун белгилей кетүү парз. Бул учурда К.Маликов акын катары, чыгармачыл инсан катары өзүнө алымсынбай жүргөн болчу. Мына ошон үчүн ал шаардын думуккан абасын таштап, элет жерине барып айыл аралайт. Чыгармаларын эгер мурда гезит-журналдык маалыматтардын негизинде, «кол учунан» жаратып келсе, эми факты-материалдарды турмуштун өзүнөн алып, нукура руханий азыктанууну баштан кечирет.

Поэмада тарыхый тема көтөрүлүп, реалдуу турмушта өмүр сүргөн адамдар жана алардын баштан кечирген окуялары көркөм чагылдырылган. Ошого карабастан, автор бул чыгарманы «адегенде эле тарыхый деп атоодон баш тарткан» [6]. Мындай мамиленин себептери текстте ачык чечмеленбейт. Ушундан улам аталган маселе өз алдынча атайын илимий иликтөөнү талап кылат.

Биздин болжолубузда, буга автордун Балбай темасына терең сүңгүп кирип, ар тараптуу илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, анан ишке киришүүсүнүн ордуна «бир карыядан укканынын» негизинде эле жазып койгону, ошондой эле ал кездеги татаал саясий кырдаал себеп болсо керек. Ошол мезгилдеги тарыхый чыгарма жазуу тажрыйбасынын чектелүүлүгү автордун тарыхый окуяларга көркөм баа берүүдөн этият мамиле жасашына таасир эткен болушу мүмкүн. Бул маселеге байланыштуу тарыхый даректерди атайын илимий өңүттө иликтөөгө жетиштүү көңүл бурулбаганы акындын өз эскерүүсүнөн да байкалат. Чыгармада автордун көл аймагын кыдыруу учурунда бир күмбөзгө туш болуп, ошол жерден жолуктурган карыядан анын тарыхына байланыштуу маалымат сураганы баяндалат. Поэманын окуялык өнүгүшү дал ушул учурдан башталат. Сюжеттик өзөктүн карыянын баянына негизделгени чыгарманын баштапкы эпизоддорунда аңдалат. Бирок бул жагдайды акындын Балбай тууралуу алдын ала эч кандай маалыматы болбогонунун далили катары кароого болбойт. Тескерисинче, К. Маликов бул темага мурдатан эле кызыгып, тиешелүү маалыматтарды издеген болушу ыктымал. Ушуга байланыштуу чыгармадагы “кокусунан” жолугуу мотиви көркөм ыкманын бир көрүнүшү катары бааланышы мүмкүн.

«Балбай» поэмасы 50 жылга жакын убакыт тыюу салууда болгонун жогоруда айттык. Ал жылдары поэмага карата көп сындар айтылып, алардын басымдуу көпчүлүгү бир жактуу, «Балбайды» жана

авторун каралап талкалоо максаты көздөлгөнү ачык байкалат. Мына ушундай тенденция фактысын 1980-жылдардын башында профессор К.Артыкбаев да адилет белгилеп кеткен: «К.Маликовдун согуш жылдарындагы поэзиясынын кемчиликтерин, жогоруда эскертилгендей, салкын кандуулук менен далилдеп көрсөтүүнүн ордуна, кайсы бир сын жазган авторлор «чү» деген эле жерден аны ур-токмокко алып, чыгармаларына бир беткей тескери баа берүүгө ашыгышкан. Андай макалалардын негизги корутундулары К.Маликов эскини идеялизациялап, өткөндү көксөп жатат деген бурмаланган пикирлерди таңуулоодон турган [2; 12]. Ырасында эле «поэманын көркөмдүк жагы күчтүү. Каармандардын ким экендигине жараша өздөрүнө таандык психологиясын, сапаттарын, оң жана терс жактарын даана ачып бере алган. Каармандардын мүнөзүн, турмушка ой жүгүртүүсүн, тарыхый, окуяга карата мамилесин ачып берүүдө ар кандай формаларды колдонгон, анда терме, санат түрүндөгү саптар, либреттого колдонуучу саптар дагы кеңири кездешет» [6; 7].

Профессор К.Артыкбаевдин пикири боюнча, «маселенин биринчи жагы – уруу карама-каршылыктары, Балбайдын колониализмге каршы күрөшү, Боромбай, Сарыпбек сыяктуу манаптардан өз алдынчалыгын талашып, алардын Россияга жакындашуусуна каршы чыгышы, Текеске көчүп кеткени эч кимге баш ийбей өз бет алдынча жашоого умтулушу, акыры Сарыпбектин уулу Күчүктүн бузукулугу аркылуу орус отрядына колго түшүп, Алматыга түрмөгө камалышы сыяктуу фактылар, карама-каршылыктар бир кыйла дурус сүрөттөлгөн. Бул жагынан поэманын авторуна принципиалдуу дооматтарды коюу туура болбос эле» [3, б. 397].

Поэма автордун көл кылаасына барып калып, мүрзөлөрдү аралап, ошондогу бир карыядан кыштары ар кай жерде чачылган, бузулган күмбөз жайын аңгемелеп беришин өтүнүүсү менен башталат.

Эр жетип ат жалын тартып мингени Эшкожо уулу Балбай:

Журтумду жоо албасын, журт баспасын,
Көрсөтөм кызматымды колдон келген, –

деп өз элинин, журтунун тынччылыгынын камында жүрөт. Ошону менен катар эр намысы, катаал жоокерчилик заман дегендей, капысынан Ормон өлүп, бугу тарабы кутулбас куяга кабылышат. Поэмада окуя «Төрөгелди кол курап келатат дейт, эмне кылабыз эми?» деп Боромбай, Балбай, Тилекмат Зарыпбектер, кеңеш куруп жатканы менен башталат. Боромбай: «Айыпты моюнга алып, кун төлөп болсо да кутулалы», – деди эле, Балбай: «Мен Төрөгелди баштаган сарбагыштарга ишенбейм, бүгүн келишкен болуп, анан камсыз жатканыбызда кырып кетет, – деп, кылычка кылыч, найзага найза менен жооп берүү сунушун айтат. Балбай: «Жок, мен макул эмесмин!» – деп өз санаалаштары менен айылын көздөй баса берди эле, Боромбай: «Баары бир биздин сарбагыштарга алыбыз жетпейт, эмитеден аман калуу жагын ойлойлу», – деп, Тилекматты орустарга элчи кылып жиберет.

Уруш болуп, алгач сарбагыштар жеңип баратты эле, анан бугулар үстөм болуп, Төрөгелди колго түшөт да, жаңжал бир аз тынчый түшөт. Ошол арада Тилекмат элчиликтен кайтып, Боромбайлар «Иван төрө келет экен» деп кубанып, күтүнүп калышат. Ал эми Балбай орустардан жакшылык жок деп жигиттери менен аларга каршы күрөш ачууга камынат. Жанында иниси Матай, Молдокан баатыр ж.б. Балбайлар келаткан орустарды буйткадан тосуп, бирин калтырбай бүт кырып салышат да, олжого абыдан батып, төрөнүн башын канжыгага байланып, артка кайтышат. Боромбай, Тилекмат, Зарыпбектер Балбайдын жаалына каршы даап сөз айта албай, кайра ага кошоматтанууга аргасыз болушат.

Кеги ичинде калган Боромбай, Качыбек, Тилекматтар жыйын кылышып, Балбайды кантип жоготуу жагын кеңешишет да, Омский төрөсүнө «көмөккө солдат жиберсеңиз, Балбайды кармап берет элек» деген мааниде арыз жазышат. Тилекмат арызды алып, Омскини беттеп жөнөп кетет. Ай өтүп, ал кайтып келет да, иши ийгиликтүү болгонун, алты жүз солдат бермек болгонун айтат. Караңгыга жамынып күтүүсүз кол салышып, Балбайлар бул аскердин да тып-тыйпылын чыгара жеңишке ээ болушат.

Муну укканда Боромбайдын жүрөгү түшүп, Балбайды урмат менен тосуп алмакчы болот. Он төрт жашар аруу кыз тартуулады эле, ыңгайсыздана кызды кайра энесине тапшырат. Түлкүдөй мант берген Боромбайга жарашпайм деп катуу туруп алат. Боромбайлар: «Шашпа, кезек бир келер…» деп кекенген бойдон калышат.

Үч жыл өткөн соң Балбай Качыбек менен жүргөн 12 орус солдатынын түбүнө жетип, эки миң түтүн бей-бечараларды Текеске көчүрүп кетет.

Омскидеги орус улугу эми Балбайга каршы генерал Калпаковду баш кылып 2 миң солдат жиберет. Аны уккан Балбай да

камданат. Биринчи эле кагылышта орус аскеринин мизи кайтып, чегинүүгө аргасыз болушат.

Кыш өтүп, кийинки жылы Калпаков үч жүздөй кишини кытайча кийинтип, Текеске бет алышат. Түркүн амал кылып атышып, акыры Балбайды колго түшүрүшөт. Алпарып Алматы түрмөсүнө камашат. Өлүм жазасына тарталы деп, кайра элден айбыгышып, уулантып, «ооруп өлдү» кылмакчы болушат. Мына өлөөрүндө түрмөдөн чыгарышып, Балбай ошоердеги Деркенбай дегендикинде көз жумат.

Поэманын аягында лирикалык чегинүү иретиндеги чакан эпилог берилген. Орус бийлиги кыргыз жергесине бекем орношуп алганы акырындап колониалдык эзүүсүн күчөтүп баштайт. Балбайдын орустарга каршы күрөшү мына ошол колониалдык эзүү улам күч алып баштаган 70-жылдардын экинчи жарымына туура келет. К.Маликов поэмасын жазууда айрым так эместерге жол берген. Акындын жазганына ишенсең, Балбайдын орустарга каршы баш көтөрүүсү бугу-сарбагыш жаңжалы учуруна туура келет. Андайда Балбай XIX кылымдын 60-жылдарына чейин эле орус колониалдык эзүүсүнө каршы күрөшкөн болот. Дагы бир жагдай, антип тынч келаткан орус өкүлчүлүгүнө кол көтөрүшү эч бир логикага туура келбейт. Анткенде эле Балбай журт тынччылыгын көздөгөн эл баатыры эмес, жер куруткан бузуку, жексур каракчы, талоончу болуп чыга келмекчи. Балбайдын орус колонизаторлоруна каршы күрөшү К.Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышы» романында кыйла ишенимдүү берилген.

Поэмада «Балбай» башка каармандардан жеке эле баатырлыгы менен эмес, адилеттиги, ой жүгүртө билгендиги, акты-караны тааный билген акылы менен да айырмаланат. Акын анын бул касиеттерин Төрөгелди Ормондун кунун бугу уруусунан доолаганда, Боромбайдын, Зарыпбектин, Тилекматтын бүлүк түшүп калышкан жеринде Балбайдын акыл-эс менен каршы турушун жогорку көркөмдүктө сүрөттөгөн. Ормондун өлүмү хандын зордукчулдугунан, зөөкүрлүгүнөн келип чыккандыгын, бирөөнүн өмүрүн эч аябай көнгөн Ормон өлүмүнө өзү гана күнөөлүү экендигин, ошондон келип, ага кун төлөө адилетсиздигин айткан Балбайдын акылына көнүшпөйт да, Боромбай, Тилекмат өз мансаптарынан, даражаларынан ажырап калуудан коркушуп, Россия падышачылыгынан аскер чакыртышат. Аскерди да элге – жалпы бугуга, анын ичинде Балбай баатырга кеңешпей турушуп, ич ара тымызын, жашыруун чакыртышат. Мындай даража, мансап үчүн гана арамза, ойго жетеленишкен Боромбайдын, Зарыпбектин, Тилекматтын акылсыздыгына, адилетсиздигине Балбай аянбай каршы турат да, баатырдыгын ошондо көрсөтөт» [6, б. 7- 8].

Албетте, бул – А.Эсенкановдун көз караш-поэзиясы. А чынында поэмада орус солдаттарынын, дегеле орус колонизаторлорунун зомбулугу анчалык деле көрүнбөйт. Балбай өзүнүн жекече кызыкчылыктары үчүн орустардын улам бир отрядын жок кылып, бул күнөөсү үчүн акырында адилет жазасын алган сыяктуудай.

Анткен менен автордун позициясынын туура жагы да жок эместигин белгилей кетели. «Поэманын ушул жеринде акылга түйүп коё турган бир нерсе бар. Жалпы элге салбай, мансабынын, даражасынын күчүнө салып, элден жашырып жасаган иштин акыры кайгылуу бүтөрүн эскертет. Ошенткен Тилекмат: «Жалынбай турган тизем бүгүлдүң го, жол болбой орустан же кыргыздан, тирүүлөй өлүп болуп күйүндүм го» деп жан алакетке түшөт» [6; 8]. Поэманы жазууда автор тарабынан мына ушундайча айрым принципалдуу кемчиликтер кетирилген. Мына ошон үчүн да мугалим сабак учурунда Балбай темасына арналган тарыхый материалдарды, башка акын-жазуучулардын жазгандарын чыгармачылык менен пайдаланып, поэманын идеялык позиция-сын, каармандардын иш аракеттеринин логикалуулугун чыңдай алат деген ишенимдебиз. Канткен күндө да эл баатыры Балбай андай айрым бүдөмүк боёктордон тазартылып, калкыбызга өз баркы менен кайтарылганы жөн.

Колдонулган адабияттар

1. Абдыразаков А. Кыргыз драматургиясындагы изденүүлөр. – Ф.: Кыргызстан, 1976.
2. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Мектеп, 1982.
3. Артыкбаев К. Кубанычбек Маликов. Китепте: XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Окуу китеби. – Б.: «ТАС» ЖЧК, 2004. – 656 б.
4. Артыкбаев К. Кубанычбек Маликов. Китепте: Кыргыз совет адабиятынын тарыхы, 2-том. – Ф.: Илим, 1990.
5. Асаналиев К. Башат. Китепте: Молдо Кылыч. Казалдар. – Ф: Мектеп, 1991.

6. Эсенканов А. Сөз башы. Китепте: Маликов К. Балбай. – Б.: Адабият, 1991.
7. Сулайманова, Р. Т. Ориентация будущих учителей на гражданское воспитание учащихся через эпос “Манас” / Р. Т. Сулайманова, К. А. Таалайбек // Вестник физической культуры и спорта. – 2021. – № 1(27). – С. 61-67. – EDN BOIHTB.

Рецензент: ф.и.к., доцент Устабаева Г.К.

УДК: 101:177.1 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-138-143

Исмаилова Г.К., Эсеналиева С.Т
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Исмаилова Г.К.,Эсеналиева С.Т.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Ismailova G.K., Esenalieva S.T.
KNU Jusup Balasagyn

«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН МААНИСИ ЖАНА ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ ОРДУ
ЗНАЧЕНИЕ ОБЩЕЧЕЛОВЕЧЕСКИХ ЦЕННОСТЕЙ В ЭПОСЕ «МАНАС» И ИХ РОЛЬ В ВОСПИТАНИИ МОЛОДЕЖИ
THE SIGNIFICANCE OF UNIVERSAL HUMAN VALUES IN THE EPIC «MANAS» AND THEIR ROLE IN THE EDUCATION OF YOUTH

Кыскача мүнөздөмө: Макала «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын мааниси жана алардын жаш муундарды тарбиялоодогу орду жөнүндө маселени козгойт. Өзгөчө жаңы социалдык экономикалык өзгөрүүлөр менен жаш муундардын адеп-ахлактык, руханий дүйнөсү өзгөрүүдө. Бул жагдайдан алып караганда коомдун социалдык-маданий жактан андан ары өнүгүүсү үчүн башкы бириктирүүчү факторлордон болуп жаш муундардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу маселеси биринчи орунга чыгат. Жаштардын кесиптик билим алуусунда фольклордук чыгармалардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды терең түшүнүүсү, алардын келекчектеги кесиптик даярдыгына көмөк берет. Эпостун мазмунунда камтылган улуу идеялар тутуму инсандын этикалык баалуулуктарды калыптандырууга жана этикалык принциптерди терең түшүнүүгө жардам берип, азыркы билим берүү системалары үчүн баалуу булак экени белгиленет. «Манас» эпосунун байыркы кыргыздардын этикалык түшүнүктөрү жөнүндө кеңири маалымат берүүчү түгөнгүс булак экендиги дагы бир ирет далилдеп жана жаштарга жалпы адамзаттык баалуулуктарды сиңирүү абдан маанилүү учур талабы экендигин көрөбүз.

Аннотация: В статье поднимается вопрос о значении общечеловеческих ценностей в эпосе «Манас» и их роли в воспитании подрастающего поколения. Нравственный и духовный мир молодого поколения меняется, особенно в связи с новыми социально-экономическими изменениями. В этом контексте на первый план выходит проблема формирования общечеловеческих ценностей у подрастающего поколения как одного из главных объединяющих факторов дальнейшего социокультурного развития общества. Глубокое понимание общечеловеческих ценностей в фольклорных произведениях в процессе профессионального образования молодежи будет способствовать их будущей профессиональной подготовке. Отмечается, что система великих идей, заложенных в содержании эпоса, способствует формированию этических ценностей и глубокому пониманию этических принципов, является ценным источником для современных образовательных систем. Мы еще раз доказываем, что эпос «Манас» является неисчерпаемым источником информации об этических представлениях древнего кыргызского народа, и видим, что привитие молодежи общечеловеческих ценностей является весьма важным требованием времени.

Abstract: The article raises the question of the significance of universal human values in the epic «Manas». and their role in the education of the younger generation. The moral and spiritual world of the younger generation is changing, especially in connection with new socio-economic changes. In this context, the problem of forming universal human values in the younger generation comes to the fore as one of the main unifying factors for the further socio-cultural development of society. A deep understanding of universal values in folklore works in the process of professional education of young people will contribute to